# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИН ОКУТУУ

**ӨМҮРЗАКОВА КАРАМАТ**
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ, улук окутуучу*

**Башталгыч класстардын адабий окуу** сабагында жыл мезгилдерин окутуунун өзгөчөлүгү бар. Анткени окуучуларга ар бир жыл мезгилинин өзүнө тиешелүү, мүнөздүү өзгөчөлүгү, айырмасы тууралуу баяндап айтуу, түшүндүрүү, алардын кабыл алуусун, ой жүгүртүүсүн, өз алдынча байкоо жүргүзүүсүн, изденүүсүн өстүрөөрү бышык. Жыл мезгилдери тууралуу билими, билгичтиктери өнүгөт, түшүнүгү артат. Андыктан мугалим сабак өтүүдө предмет аралык байланышты баса белгилей кетүүсү сабактын натыйжалуугун арттырарын эске алууга тийиш. Алсак мекен таануу сабагы менен, жаратылыш менен тыгыз байланыштырып өтүү окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун, дилгирлигин арттырат. Кошумча маалыматтарды, материалдалды өз алдынча окуусуна түрткү берет. Чыгарма жаратуусуна, жазуусуна, жыл мезгилдери туураалуу билгендерин ырааттуу баяндап айтууга т.а. жазуу жана сүйлөө (оозеки) кебинин өсүшүнө абдан чоң өбөлгө болот.

*«Берекеүү алтын күз» бөлүмүнө* экинчи класста тогуз саат бөлүнгөн. Бул бөлүмдө жыл мезгилдеринин күрдөөлү күз мезгилиндеги жаратылыш, эмгек жана күзүндө болгон айрым кызыктуу окуяларды чагылдырган чыгармалар (тексттер) камтылган. Бөлүм Жолдошбай Кененбаевдин «Кырман толгон кызыл дан» ыры менен башталат.

*Кызуу кыймыл кырманда,*
*Күз келгенде уланат.*
*Жакшы түшүм алдык деп,*
*Жалпы эл-журт кубанат.*

Ырды мугалим окуп берет жана ырдагы жаңы сөздөрдүн маанисин, мазмунун окуучуларга түшүндүрүп берет. Андан соң табышмакты окушат. Табышмакты окутууда окуучулардын тапкычтыгы, зиректиги, реакциясы, ойлонуусу өсөт, мугалим сабактын жүрүшүндө балдарга табышмактын жандырмагын оңой, жеңил табуу үчүн анын берилишин абдан кунт коюп угуу керектигин эскертет. Анткени кунт коюп уккан окуучу, жакшылап ойлонуп көрсө, табышмактын жандырмагын табуу канчалык жеңил болоорун өздөрү да баамдашат.

Мисалы; табышмакты таап көрөлү:
Жашыл шайы оронот,
Өзү топтой тоголок.
Ичи чоктой албырат,
Жесең суусун кандырат. *(дарбыз) (А.Токтомаметов)*

Байкап көрдүңөрбү балдар, табышмактын жандырмагын табуу үчүн бир мүнөт көзүңөрдү жумуп, өңү жашыл, формасы томолок бир нерсени,затты көз алдыңарга элетеип көргүлөчү, эми анын ичи чоктой дейт, муну кандай түшүнөсүңөр? Окуучулар чоктун өңү кыпкызыл экендигин айтышат. Мугалим өңү чоктой кыпкызыл бирок, жесеңер суусунду кандырган бул эмне? Окуучулар бат эле табышмактын жандырмагы *дарбыз* деп табышат.

Кыргыздын белгилүү акыны Турар Кожомбердиевдин «Күз келди» ыры сунуштулган. Ырдын текстин карап көрөлү.

Күз келди күлүп, жадырап,
Күбүлөт алма бадырап.
Мойтойгон ойноо бөбөктүн
Чөнтөгү толо бадырак.
Саргайып куурап калдырап,
Жел менен учат жалбырак.
Мээрман күзүм энемдей

Мээримин төгөт балбырап.

Ырды окуп берген соң мугалим акындын ыры тууралуу төмөнкүдөй суроолор менен иш алып барат.

*1.* Кана, эмесе, табалычы? Эмне үчүн акын эне менен күздү бири-бирине салыштырып жатат? Бул экөөнө тең тиешелүү сап кайсы? Албетте окуучулар китептен карап *«Мээрман күзүм энемдей» деп табышат.*

2. «Күз келди күлүп, жадырап» дегенден башка дагы кайсы саптар күздүн келгенин билрип турат? Окуучулар «Күбүлөт алма бадырап» деп табышат. Анткени күз мезгилинде алма , өрүк жана башка мөмө -жемиштердин бышаарын жакшы билишет.

3. Ал эми бул ырда кайсы мезгил сүрөттөлгөндүгүн кантип билүүгө болот?

Биринчиден, ырдын темасы «Күз келди» деп турат.

Экинчиден, ырдын биринчи сабы Күз келди күлүп, жадырап деп турбайбы, албетте бул ырдын КҮЗ мезгилине арналгандыгын табуу кунт коюп окуган, уккан окуучулар үчүн кыйынчылык деле туудурбайт деп ойлойм. Ырдан кийин *«Жаз - жарыш, күз - күрөш»* макалы берилген. Бул макалды мугалим өзү окуп берет да, жакшы окуган бир окуучуга окутат. Макалдын маанисин, мазмунун окуучулардын кандай түшүнгөндүгүн сурап, эмгек жана күз темасына арналган дагы кандай макалдарды билерин сурап, сабакты Каныбек Жунушевдин «Казга тиштеп барыптыр» аттуу ыры менен улантат. Ырдын текстин карап көрөлү.

Казга тиштеп барыптыр<br>
Күчүк эмен жалбырагын<br>
Казга тиштеп барыптыр:<br>
Мобул Сенин таманың го,<br>
Жерге түшүп калыптыр.

Күчүктүн эмендин жалбырагын казга тиштеп барган себеби эмнеде экендигин балдардан сурап, окуу китебиндеги сүрөт менен иштейбиз. Анткени сүрөттө абдан даана көрүнүп тургандай, эмендин жалбырагын күчүк каздын таманына (изине) окшотуп көтөрүп барганы айтпаса да түшүнүктүү экендигин баамдоо кыйын эмес экендигин көрүүгө болот. Ырды үйдөн жаттап келүүгө беребиз. Аталган ыр окуучулардын дүйнө таанымы, көркөм кыялдануусу, өз алдынча изденүүсү өңдүү көндүмдөрүнүн өсүшүнө, калыптанышына шарт түзөт.

Күз мезгилиндеги күрдөөлдүү эмгек темасын чагылдырган Муса Жангазиевдин «Жардам бердик» аттуу ыры орун алган. Ырды өтүүдө жыл мезгилдеринин ичинен күзүндө тактап айтканда күз мезгилинде кандай мөмө-жемиштер бышарын, алардын өзгөчөлүктөрү, кайда өсөрү ж.б. суроолорду берүү менен окуучулардын билгичтиктерин оозеки текшерип көрүү орундуу.

Жардам бердик<br>
Жардам бердик,<br>
Алма тердик.<br>
Айлыбыздын багынан.<br>
Жаңгак кагып,<br>
Күнгө жайып,<br>
Койдук дагы жаңыдан.<br>
Жардам бердик,<br>
Жүзүм тердик,<br>
Корзиналар толгуча.<br>
Чарчабадык,<br>
Чаалыкпадык,<br>
Тегиз жыйнап болгуча.<br>
Жардам бердик,<br>
Жийде тердик,<br>
Бакка чыктык, ойнодук.

Гүл жыйнадык,
Ыр ырдадык,
Жемиш тоюн тойлодук.

Ырды мугалим өзү көркөм окуп, окуучуларга окутуп бүткөн соң, окуу китебиндеги суроолор жана тапшырмалар менен иштейбиз.

1. Ыр жактыбы досум? Бул ыр эмнеликтен мындай жакшынакай?
2. Бул ырдагы кайсы сап бүтүндөй ырдын мазмунун чагылдыра алат?
3. Төмөнкү макалдардын кайсынысы ырдын мааниси менен дал келет?

«Жамгыр менен жер көрөт, эмгек менен эл көгөрөт», «Ырыс алды - ынтымак», «Улууга-урмат,кичүүгө ызат», «Адептүү алкыш алат, адепсиз каргыш алат».

Жогорудагы макалдардын маанисин окуучуларга түшүндүрүп, сөз өстүрүү иштерин жүргүзүп бүткөндөн кийин, балдардын ырды андан ары өздөрүнүн чыгармачылык дараметине жараша улантуусу үчүн түрткү берилет.

Балдар, ушуга окшоштуруп ырды улантууга болобу?

Кана, аракет кылып көрөлү! (окуучулар өз алдынча аракеттенип ыр жаза башташат)

Мисалы; Жардам бердик

Кулпунай тердик..же болбосо, карагат тердик ж.б. …

Ырды жаттоого беребиз. Анткени жаттоо үчүн берилген тапшырма мейли ыр, мейли табышмак, калп жана башка кайсы жанрдан болбосун, ал окуучулардын эске тутуусун жакшыртат, өстүрөт, андан ары өркүндөшүнө өбөлгө болот.

Жыл мезгилдерин жөнүндө «Жыл жана анын төрт уулу» жомогу II бөлүмдөн туруп, аталган тексттин жомок экендигин айырмалоо балдарга көп кыйынчылык туудурбайт. Жомоктун башталышы, аягы жөнүндө чоң энесинин жомогун балдар көп жолу угушкан. Жомоктордун «Илгери, илгери өткөн заманда», же болбосо «бар экен, жок экен» деп башталарын жакшы билишет. Жомокто жыл мезгилдери жөнүндө кеп козголот. Тактап айтканда жылдын төрт уулу аттары (ысымдары) Кыш, Жаз, Жай, Күз деп аталганы өтө кызык болуп турат. Жомокту окуп баштаганда окуучуларга жылдын төрт уулунун аттары (ысымдары) тууралуу алардын ою кандай экендигин сурайбыз жана алардын өзгөчөлүктөрү, жаратылыштагы өзгөрүү процесси жөнүндө аңгемелешебиз.

Ушул эле бөлүмдө дүйнө таануу ырларынан Токтосун Самудиновдун «Кулпунай», «Масилет» ырлары орун алган. Андан соң, жыл мезгилдеринин тогошуп, күздүн кышка алмашкандагы өзгөчөлүгүн А.Токтомамбетов «Жалбырак» чыгармасында абдан сонун, кызыктуу, элестүү чагылдырып берген. (17-18-б.б.)

Кыргыздын пушкини Алыкул Осмоновдун «Куштар кетти» ыры жаш балдардын баамында чабалекей, кара чыйырчыктардын кетиши, акындын ал канаттууларды жакшы жерге консо экен, аман-эсен болсо экен деп жыйынтыкташы балдардын жаныбарларга, келгин куштарга камкордугун арттырат. Ошону менен бирге алардын жазында бизге кайра келери бышык да. Андыктан кайра бизге келгенче аман-эсен болсо экен деп жатпайбы. Андан кийин башталгыч класстардын окуучуларына жылмаюу, жакшы маанай тартуулаган Апендинин жоруктары, юмор менен бирге Жолон Мамытовдун «Урушкандын пайдасы» атуу ырында -

Эки теке сүзүштү
Сакалдарын үзүштү (ырдын тексти сабакта толук окулат)
***************************

Эки бала чекишти

Эртесинде бекишти – деп кыргыз элинин «Эр чекишпей - бекишпейт» - деген макалынын тарбиялык мааниси өтө зор экендигин дагы бир жолу бекемдейт.

Экинчи класста тамсил жанрынан «Эки эчки» (Райкан Шүкүрбеков), «Түлкү менен кумурска» жомогу, андан кийин окуучулардын тилин жатыктыруу максатында Байтемир Асаналиевдин төмөнкү жаңылмачы орун алган.

Аскадагы карт аркар
Карт аркар мүйүзүн каркайтар
Ата албаган жаш мерген

«Аядым» деп калп айтар - деп *«р»* тыбышын улам кайталоо менен жаш өспүрүмдөрдү жаңылмачты айтууга көнүктүрөт, машыктырат. Бөлүм боюнча жалпы суроолор берилет. Ал суроолорду мугалим китептен окуп берет.

Жыл мезгилдеринин ичинен жаз, жай, күз жана кыш болуп бардыгы жөнүндө бир учурда балдарга таанытууга мүмкүнчүлүк түзгөн Касым Тыныстановдун «Талаага тай өнүптүр» (1 саат) аңгемесинен үзүндү окутулат. Бул текстти окутууда Абылдын атакесине «тай алып бер!»- деп асыла бергенинен улам, атакеси Абылга –макул балам, жаз чыксын. (кыш мезгилиндеги маек экендигине көңүл бурулууга тийиш) Сен мектептен бошогон кезде мен тайыңды даяр кылып коемун. Ага чейин сен жакшылап окуй бер, - дейт. Жаз келип, Абыл мектептен бошойт да, тайын атасынан кайра сурайт. Ошондо атасы Абылга тайыңды талаага айдап койгом, жүрү ошону сугарып келели- дейт. Абыл атасына ишенбей, тайды талаага айдаганы эмнеси деп таңыркайт. Атасы Абылды талаага алып келип жаңыдан өнүп чыккан таруунун көрсөттү да, мына балам, Сенин жорго тайың, -деп көрсөттү. Абыл – бул тару го? –деди. Атасы:- туура баксаң күзүндө тай болуп калат, – деди. Ошентип күз болуп, таруусун Абыл өзү орду. Таруну жыйнап, кырманга салып бастырышты. Тару кап-кап болуп калат да, кышкысын баасы асманга чыгат. Койчуман эки кап таруусун бир жорго тайга сатат. Атасы Абылга: - Мына, балам, баягы талаага айдап койгон Сенин жорго тайың,-дейт. Ошондо гана Абыл талаага тайдын өнөрүнө чындап ишенди. Бул аңгемени окутуу менен биз, окуучуларды, мыкты окууга, билим алууга, эмгектенүүгө, убаданы бек тутууга, ак эмгектин арты менен максатына жетүүгө багыт беребиз, көнүктүрөбүз жана тарбиялайбыз. Диалогдук кептерди ролдоштуруп окутуп, Абылдын ордунда болсоң, сен эмне кылат элең? - деген суроо коюп, чыгарманы улантып, же өзгөртүп жазуусуна көмөк түзөбүз.